3. Отуз жетинчи жыл Кыргызстанда [Текст]. - Бишкек: Кыргызстан, 1991. -336 б.
4. Парт.архив Киргизского филиала ИМЛ, ф.10, оп. 1.д.76, л.55-56
5. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия [Текст]. - Бишкек, 2003. - 464 б.
6. Тридцать седьмой год в Киргизии [Текст]. - Бишкек: Кыргызстан, 1991. - 336 б.
7. Парт. архив ф.10. оп. 1, д. 547, л.22
8. Парт. архив ф.10. оп. 15, д. 3118, л.5.
9. Парт. архив ф.10. оп. 1, д. 681, л.24.
10. Жакыпбеков, К. Ш. Кыйылган кырчын [Текст] / К. Ш. Жакыпбеков / Рух кенчи. - Бишкек, 2015. - №13.
11. Молдосанов, С. У. Каракол педагогикалык колледжине 90 жыл (1930-2020). Документалдык-тарыхый очерк [Текст] / С. У. Молдосанов, Э. Мусагожоев. - Каракол, 2022. -187 б.
12. Сооронбаева, З. Чыгармалар. 7 томдук. Эсселер [Текст] / З. Сооронбаева. - Бишкек: Улуу Тоолор, 2014. - 208 б.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-312-318
УДК: 342

***Кылчыкбаев К. Т.,*** *тарых илимд. канд., доц.*
*kylchykbaev@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0005-6021-6166*
***Ишенбекова Н. Т.,*** *тарых илимд. канд., доц.*
*n.ishenbekova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0003-3918-998X*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТАРЫХЫНДАГЫ ОРЧУНДУУ МАСЕЛЕЛЕР

*Кыргыз мамлекеттүүлүгү маселеси тарых илиминдеги айрыкча татаал да, олуттуу да көйгөйлөрдүн катарында турат. Кыргыздар өз алдынча качан мамлекет куруп, көз карандысыз саясат жүргүзүп, эл аралык мамилелердин субъектисине айлангандыгы туурасында азыркы мезгилге чейин бир тараптуу илимий көз караш жок. Мындан улам, айрым окумуштуулар кыргыз мамлекетинин түптөлүш мезгилин Минусин ойдуңундагы Енисей аймагында курулган саясий биримдигин белгилешсе, кээ бир илим адамдары орус окумуштуусу В. Бартольд белгилеген «Улуу кыргыз Дөөлөтү» убагына басым жасап келишет. Ал эми кээ бир тарыхчылар болсо кыргыз мамлекеттүүлүгү совет мезгилинде калыптанган деген түшүнүктү карманышууда. Ошондуктан макалада кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын изилдөөдөгү орчундуу маселелер боюнча, жетик такталбаган талаш маселелер боюнча көз караштар, ойлор, божомолдоп талдоолор эмес, ата-бабалар баштан өткөргөн чыныгы тарыхый фактыларды, окуяларды объективдүү изилдөө аркылуу кыргыз тарыхын толуктоо зарылчылдыгы айтылат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз мамлекеттүүлүгү, илимий көз караш, мамлекеттүүлүктүн этаптары, талаш маселелер, тарыхый фактылар, эгемендүүлүк, кыргыз тарыхын объективдүү изилдөө.*

***Кылчыкбаев К. Т.,*** *канд. истор. наук, доцент*
*kylchykbaev@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0005-6021-6166*

***Ишенбекова Н. Т.****, канд. истор. наук, доцент*
*n.ishenbekova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0003-3918-998X*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ИСТОРИИ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ

*Вопрос кыргызской государственности является одной из самых сложных и серьезных проблем современной исторической науки. До сих пор не существует одностороннего научного мнения о том, когда кыргызский народ самостоятельно построил государство, провел независимую политику и стал субъектом международных отношений. В связи с этим некоторые ученые предполагают, что период основания кыргызской государственности относится ко времени политического союза в Приенисейском районе Минусинской долины, а некоторые ученые, сосредоточили свое внимание на времени «Кыргызского Великодержавия», определенного советским ученым В. Бартольдом. С другой стороны, некоторые историки полагают, что кыргызская государственность сформировалась в советский период.*

*Поэтому в статье говорится, что при изучении истории кыргызской государственности необходимо исследовать историю кыргызов через объективное изучение реальных исторических фактов и событий, переживаемых предками, а не мнений, мыслей, умозрительных анализов по важным вопросам.*

***Ключевые слова:*** *кыргызская государственность, научные гипотезы, этапы государственности, спорные вопросы, исторические факты, независимость, объективное изучение истории Кыргызской Республики.*

***Kylchykbaev K. T.****, cand. of historical sciences, docent*
*kylchykbaev@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0005-6021-6166*
***Ishenbekova N.T.****, cand. of historical sciences, docent*
*n.ishenbekova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0003-3918-998X*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol city, Kyrgyzstan*

## CURRENT ISSUES IN THE HISTORY OF KYRGYZ STATEHOOD

*The issue of Kyrgyz statehood is one of the most complex and serious problems of modern historical science. There is still no one-sided scientific opinion about when the Kyrgyz people independently built a state, pursued an independent policy and became a subject of international relations. In this regard, some scientists suggest that the period of the founding of Kyrgyz statehood dates back to the time of the political union in the Yenisei region of the Minusinskiy Valley, and some scientists have focused their attention on the time of the "Kyrgyz Great Power", defined by the Soviet scientist V. Bartold. On the other hand, some historians believe that Kyrgyz statehood was formed during the Soviet period.*

*Therefore, the article states that when studying the history of Kyrgyz statehood, it is necessary to explore the history of the Kyrgyz people through an objective study of real historical facts and events experienced by ancestors, and not opinions, thoughts, and speculative analyses on important issues.*

***Keywords:*** *Kyrgyz statehood, scientific hypotheses, stages of statehood, controversial issues, historical facts, independence, objective study of the history of the Kyrgyz Republic.*

Коомдун өнүгүүсүнүн өткөөл мезгилинде өткөндү изилдөө жөн гана учурдагы кызыгуу эмес, бул – муктаждык. Мурунку муундун каталарын кайталабас үчүн, алар

басып өткөн жолду терең изилдеп түшүнүү – мезгил талабы. Себеби Кыргызстандын тарых илими – башка мамлекеттердин жана элдердин тарыхына салыштырмалуу совет мезгилинде калыптанган жаш илим. Археологиялык, этнографиялык, жана документталдык изилдөөлөр XX кылымдын 20-жылдарында башталып, Кыргызстандын тарыхы боюнча монографиялар, документтер жыйнагы, илимий конференциялар жана макалалар жарык көрө баштаган. Ошону менен бирге кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө бир катар орчундуу катачылыктарга жол берилген [6]. Бул катачылыктардан улам айрым маселелерге тиешелүү көңүл бурулбай, изилденбей келиши тарыхта «ак тактар» боюнча кала берген.

Алсак, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн маселеси тарых илиминдеги айрыкча татаал да, олуттуу да көйгөйлөрдүн катарын толуктайт. Кыргыздар өз алдынча качан мамлекеттүүлүкө ээ болуп, көз карандысыз тышкы саясат жүргүзүп, эл аралык мамилелердин субъектисине айлангандыгы туурасында азыркы мезгилге чейин бир тараптуу илимий көз караш жок. Мындан улам, айрым окумуштуулар кыргыз мамлекетинин түптөлүш мезгилин Минусин ойдуңундагы Енисей аймагында курулган саясий биримдигин белгилешсе, кээ бир илим адамдары орус окумуштуусу В. Бартольд белгилеген «Улуу кыргыз Дөөлөтү» убагына басым жасап келишет. Ал эми кээ бир тарыхчылар болсо кыргыз мамлекеттүүлүгү совет мезгилинде калыптанган деген түшүнүктү калыптандырууда.

Эгемендүүлүк шартында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын изилдөөдө орчундуу маселелер боюнча, жетик такталбаган талаш маселелер боюнча көз караштар, ойлор, божомолдоп талдоолор эмес, ата-бабалар баштан өткөргөн чыныгы тарыхый фактыларды, окуяларды объективдүү изилдөө зарылчылдыгы келип чыкты. Тарыхты кооздоп, өзүнүн сезимине же дүйнө таанымына жараша бир нерсе кошуп же алууга, тарыхый окуяларга бир жактуу баа берүүгө болбойт.

Дүйнөлүк тарыхтын эсебине эл бүткөндүн баары эле кире бербеси айкын. Биз илимге таянуу менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый тамырлары эң эле терең экенин эч бир тайманбастан туруп тастыктай алабыз. Байыркы доордо – б. з. ч. I миң жылдыктын III кылымынан тартып жазма тарыхый булакта, т. а., б. з. ч. 201-жылы кытай булактарында кыргыздардын байыркы ээлиги тууралуу алгачкы маалымат кезиктирилет. «Кыргыз ээлигинин» жайгашкан ордун кытай булактарына таянуу менен академик В. В. Бартольд байыркы кыргыз журту азыркы Түндүк Батыш Монголиядагы Кыргыз-Нур көлүнүн боюнда жашаган деп божомолдогон. Ал байыркы кытай тарыхчысы Бань Гунун «Хань-шу» (Улуу Хань династиясынын тарыхы) эмгегине таянып жыйынтык чыгарган. Китепте мындай жазылат «…хунн империясынын борборунан батышты көздөй, 7 миң ли жана Чеши шаарынан (азыркы Турфан шаары) түндүктү көздөй 5 миң ли узактыкта кыргыздардын ээлиги жайгашкан» [1, 3-б.]. Кыргыздар жөнүндө сөз болуп жатканда Бань Гу «цянгунь-го» деп эскерген. Кытай транскрициясында «го» түшүнүгү мамлекеттүүлүктү билдиргендиги эч кимге деле табышмак эмес. Ал эми мамлекеттүүлүк – өзүнүн мамлекеттик, улуттук укуктук системасын түзүүгө же ар кандай себептерден улам жоголуп кеткен бул институттарды, өнүгүү абалын калыбына келтирүүгө жетишкен белгилүү бир коомдук субъектинин (улут, улуттар тобу, эл) өзгөчө белгиси. Демек, мамлекеттүүлүк түшүнүгү мамлекет түшүнүгүнө караганда кеңири жана терең. Элдин мамлекеттүүлүгү бар дегенибиз бул элдин өзүнүн мамлекети бар же болушу мүмкүн дегенди билдирет. Мамлекеттүүлүк коомдук турмуштун бүткүл структурасын, саясий тартипти, демек, мамлекеттин жашоого жөндөмдүүлүгүн аныктайт. Мамлекет, өз кезегинде, тигил же бул элдин мамлекеттүүлүгүнө дал келиши керек [10]. Мындай абалга жетүү кандайдыр бир

мезгилди талап кылат. Ошондуктан кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын б. з. ч. 201-жылдан ары жылдырууга негиз бар.

Синолог Л. А. Боровкованын «Запад Центральной Азии во II в. до н.э. – VII в. н.э.» аттуу эмгеги боюнча, кыргыз журту б. з. ч. I к. Чыгыш Теңир-Тоо аймагындагы Боро-Хоро тоо кыркасынан түндүгүрөөк жана Дзосотын-Элисун чөлүнөн батышта орун алган деп эсептейт [3, 62-б.]. Кайсы жерде жайгашканы тууралуу так далил жок болгондугуна карабастан, кыргыздар байыркы мезгилде аскер жана бийлик жаатын уюштуруу, сырттан коркунуч туулганда түп көтөрө жыйылып, кол куроо сыяктуу тиешелүү мамлекеттик институттарды түзүшүп аларды сактап келген жана жалпы түрк мамлекеттүүлүгү жаңыдан калыптанып жаткан кезде анын эң алгачкы башатында турган деп айта алабыз.

III-V кк. Эне-Сайдагы Миң-Өзөн өрөөнүнө жер которушкан кыргыздар ал жерде жашаган урууларды бириктирип, мамлекет түзүшүп, өз алдынчалыгын сактап калуу аракетинин натыйжасында, VI-VII кк. аскердик административдик башкаруу системасы түзүлүп, VII-VIII кылымдарда Энесайдагы кыргыз мамлекеттүүлүгү Барс-бектин бийликке келиши менен мурда болуп көрбөгөндөй күчкө толгон [4, 23-б]. Бул мамлекеттин экономикалык жыргалчылыгы көп жагынан так жана кынтыксыз иштөөчү мамлекеттик башкаруу аркылуу камсыз кылынган. Анын башында адегенде «ажо», кийинчерээк «каган» деген атка конгон журт башы турган. Мамлекетти башкаруу тыкан уюштурулган чиновниктер аппаратына, күчтүү аскерге, дипломатиялык кызматка таянуу менен жүзөгө ашырылган. Кыргыз ажосунун элчилерин Кытай императорлору, тибет, иран өкүмдарлары кадырлап кабыл алып турушкан. Азияны аралаган Улуу Жибек жолунун бир салаасы «Кыргыз жолу» деп аталган [7,18-б].

Сунга токоюнун боюнда 710-жылы Экинчи Чыгыш Түрк армиясы тарабынан кыйраткыч сокку урулуп, оор жоготуларга учураган, бирок кыргыз мамлекеттүүлүгү жоюлган эмес. Согушта каганы өлтүрүлүп, аза күтүп калган кыргыздар саясий аренадан чыгып калышкан эмес. Алсак, 722-жылы Тан империясына элчилик миссиясы менен барган кыргыз ханзаадалары Исибо Шэючжэ Биши Сыгинь, 723-жылы Цзюйли Пиньхэчжун Сыгинь кытай императору тарабынан кабыл алынып, аларга жогорку чиндер ыйгарылган [5, 109-б.]. Булардын негизинде Энесай кыргыздары 710-жылы түрк соккусунан кыйроого учураган эмес деп айтсак болот. Бирок Барс-бектен кийин бийликти колуна алган кагандын аты тарыхта дале белгисиз.

Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн 758-жылы Уйгур каганатына каршы чыккан кыргыздар максатына жетпей уйгурларга көз карандылыкта 820-жылга чейин болушкан. Бул убакыттын ичинде кыргыздар аймагын кеңейтип, борборлошкон бийлиги күч алган, жакшы куралданган 100 миң аскерден турган армия түзө алышкан. Ал эми уйгурларда болсо саясий кризистин өсүшү менен, алардын кагандыгы ич-ара чыр чатактан барган сайын начарлай берген. 830-жылдардын аягында кыргыз кагандыгын башкарып турган ажо жакын арада уйгур каганын, ордосу Ордо-Балык шаарын басып ала тургандыгын ачык айтып эле коркута баштагандыгы тарыхта белгилүү. 839-жылы Уйгур кагандыгында так талашуу чыры менен бирге, өтө оор жут башталат. Бийликке наразы болгон уйгур кол башчысы Гюйку-Мохэ абалдан пайдаланып, кыргыз ажосун уйгур жергесине чакырып келет. Ордо-Балыкка жакын жердеги кыргыздар менен уйгурлардын аскерлеринин чечүүчү салгылашуусунда кыргыздар толук жеңишке жетишип, 820-жылы Уйгур каганатынын алсырашы менен Кыргыз Ажосу Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн өзүн каган деп жарыялаган. 840-жылы Уйгур каганаты талкаланып, 1927-жылы В. В. Бартольд тарабынан «Кыргыз Улуу Дөөлөтү» деп аталган каганат дээрлик 90 жыл бою Байкалдан Жети-Сууга чейин,

азыркы Россия Федерациясынын Томск жана Красноярск шаарларынан, Улуу Кытай сепилинен Чыгыш Түркстанга чейинки зор аймакты көзөмөлдөп турушкан.

«Улуу кыргыз мамлекетинин» качан жана эмне себептен кулагандыгын көрсөткөн так маалыматтар жок. Бирок бул мамлекеттин Х кылымдын баш чендеринде алсырап, кулашына кара кытайлардын (Пяо) жортуулдары себеп болгондугун байкоого болот. Х кылымдын 1-чейрегинде Маньчжурия аймагында кара кытайлардын (Пяо) мамлекети түзүлүп, алар ошол эле мезгилде кыргыздардын ордосу жайгашкан Каңгай тоолоруна бир нече жолу жортуул жасашкан. Анын негизинде Пяо мамлекетинин чектери батышта Алтай тоолоруна чейин жеткен. Х кылымдын башында «Улуу кыргыз мамлекети» кулагандан тарта кыргыз уруулары эки аймакка бөлүнүп калышкан. Алардын бир аз бөлүгү мурунку Ата-мекени Енисей боюнда болсо, экинчи бөлүгү Монгол Алтай тоолорун байырлап калышат. Ушундан тартып Чыңгызхандын чабуулуна чейинки мезгилде, кыргыздар тарых жазмаларында «Енисей» жана «кыргыз» аймагы деген эки бөлөк чөлкөмдөрдө эскерилип келет [9].

Улуу Кыргыз Дөөлөтү негиздеген кыргыз каганынын кытайча аты Цзуйинсюнучэнмин [5, 118-б], тарыхчылардын алдына коюлган милдет − бул кагандын кыргыз атын тактап тарых илимине киргизүү. Экинчиден, В. В. Бартольд тарабынан киргизилген «Улуу Кыргыз Дөөлөтү» термини окумуштулар тарабынан кеңири чечмеленип, талдоого алына элек. Балким, бул терминдин тарых илиминде кадыр-барктуу окумуштуу тарабынан киргизилиши башка окумуштуулар тарабынан суроо жаратпагандыр, же советтик мезгилде партиялык идеология терең изилденишине таасирин тийгизген чыгар. Азыркы эгемендүүлүк шартында кыргыз элинин, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын изилдөөдө бул окуялар «ак тактар» боюнча калып келет.

VII-X кылымдарда Борбордук Азиядагы саясий аренадагы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн аброю XII-XIII кк. басаңдап калган учурунда, Чыңгызхандын чабуулунан кыйрап, кайрадан мамлекеттүүлүккө карай умтулуу абдан татаал жана узак убакытты камтыган.

15-19-кылымда кыргыздар өз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн күрөшүн уланткан. Ошол мезгилде Орто Азия, Моголстан, ошондой эле Казакстанда чоң саясий окуялар орун алып, Ала-Тоо аймагы туруктуу саясий-мамлекеттик аталышка ээ боло баштаган. Кыргыздын уруу жетекчилери моголдорго баш ийбей, башкарууну өз колдоруна ала баштاشкан. Моголстан ички чыр-чатактан жана тышкы душмандардын кесепетинен ыдырай баштаган убакта Мухаммед кыргыз урууларынын башын бириктирген.

Мухаммед азыркы учурда Кыргыз жергесинде жашаган кыргыз урууларынын оң жана сол канаттарын алгачкылардан болуп бириктирип, бекемдеген. Ал 1508-жылы ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Ислам динин кабыл алып, аны элге жайылтканы үчүн ага Мухаммед Кыргыз аттуу ысым ыйгарылган. Мухаммед кыргыз урууларынын биригишинин келечегин көрө билип, сырткы алаканы да ошого ыңгайлаштырган. Могол хандары Кыргызстанды жана Казакстандын түштүк-чыгыш аймактарын басып алууга аракет кылып жатканда, Мухаммед аларга каршы өзүнө ишенимдүү боордош боло турган казак султандары менен ымала түзө баштайт.

Сырдарыянын жээгиндеги шаарларды, ошондой эле Орто Азиянын жердеген жерлерин ээлеп алууга аракет кылган Шейбанилерге каршы аттанган казак султандарынын жортулунда кыргыздар Мухамеддин жетекчилиги менен активдүү катышат. Кыргыз кошуундары Түркстан, Сайрам, Ташкен, Анжиян, Аксы, ошондой эле башка аймактарга чейин жеткен. Түркстанга жортуулдун убагында ал өзбектердин ханзаадасы, ошол убакта Самарканда акимдик кылып турган Күчкүнчү хан уулу

Абдулланы туткунга түшүрүп, бирок кайрадан эркиндикке бошотуп жиберген. Бул окуя Султан Саид ханы үчүн кыргыз элин чаап алууга шылтоо болгон. Моголдор кыргыздарды 1517-жылы басып кире баштаган. Ал убакта Мухаммеддин ордосу Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү Барскоон аттуу жерде жайгашкан.

Бул согушта кыргыздардын колу талкаланып, Мухаммед туткунга түшүп, Кашкарга алып келинет. Бирок абакта көпкө кармашпай, саясий абалды салмактап туруп, Саид хан аны 1518-жылы эркиндикке чыгарып, 1522-жылы өзүнүн уулу Абдар Рашид менен бирге мекенине жөнөтөт. Ала-Тоо жергесине келген соң Мухаммед кайрадан кыргыз урууларына жетекчи болуп, моголдорго каршы мурдагыдан да күчтөнүп күч топтой баштайт. 1524-жылы Кочкорго казактардын ханы Тахир келип, Моголдорго каршы Мухаммед Кыргыз аны менен ымала түзгөн. Бул жөнүндө кабар жеткен Султан Саид 1525-жылы Мухаммедди туткундап, 1533-ж Кашкарда сүргүндөн каза болгон.

Мухаммед Кыргыз 14 жыл бөтөн жерде туткунда болгону менен, ал эли менен байланышты үзбөй, кыргыз мамлекетин калыбына келтирүүнү көздөгөн максатынан баш тарткан эмес.

Бирдиктүү мамлекетке бириктирүү максаты совет доорунда ишке ашты.

XX кылымдын башындагы Февраль, андан кийин Октябрь революциялары бүткүл дүйнөнүн, бүткүл планетанын элин шок кылды жана өзгөрттү. Англис, француз жана америка революциялары менен бирге адамзаттын жаңы мезгилиндеги тарыхында болгон эң улуу социалдык революциялардын бирине айланды.

Агрардык өлкөнүн саясий турмушуна активдүү катышып, мамлекеттин өнүгүүсүн негизги максат катары көргөн, пикирлеш адамдардын жана жолдоштордун эң мыкты союзунун пайда болушу жаңы революциялык доор менен байланыштуу. Себеби бул революциялык окуялар коомдук аң-сезиминин өсүшүнө эбегейсиз зор үмүт, дем берди.

Мамлекеттүүлүктүн өнүгүүсүнүн ушул этабында саясий аренада мамлекеттик жана улуттук кайра жаралуу, өлкөнүн жана элдин социалдык, маданий, экономикалык жана демократиялык өнүгүшүнүн көйгөйлөрүн жеке кызыкчылыктарынан жогору койгон улуттук саясий ишмерлердин таланттуу тобу пайда болду. Бул таланттуу адамдардын ичинен карлыгачтардан болуп Абдыкерим Сыдыков, Ишенаалы Арабаев, Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Жанузаков, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов, Баялы Исакеевдер жана башка атактуу атуулдар жана саясатчылар биринчи мугалим, насаатчы, жаңы коомдун куруучулары болду. Анткени 1917-жылы Октябрь революциясынан кийин өзбектер, тажиктер, казактар, түркмөндөр РСФСРдин курамында болушкан. Жогорудагы эскертилген адамдар эгемендүү, эркин мамлекетти куруу демилгесин көтөрүшүп, чечкиндүү кадамдарды жасашкан. Алар РСФСРдин жетекчилигине талыкпастан кат менен кайрылышып, анда кыргыздардын өзүнүн маданияты, каада-салты бар, өз жери бар экендигин белгилешкен. Бул аракеттер жоопсуз калбай, 1924-жылдын 14-октябрында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөн.

Бирок совет мезгилинде тоталитардык идеологиянын илимге ыксыз кийлигишүүсү кыргыздардын эрте орто кылымдар мезгилиндеги этностук тарыхы бурмаланып өнүгүүсүнө өбөлгө түздү [8, 8-б]. Советтик мезгилде жаңы изилдөөлөр, изги ийгиликтер жаралган менен, айрым маанилүү, орчундуу этаптары командалык башкаруу идеологиясынын кызыкчылыгына жараша жүргүзүлдү. Ал гана эмес, кыргыздардын Эне-Сайдагы этносаясий өнүгүү баскычы менен азыркы кыргыз элинин ортосунда этногенетикалык алака жүргөн эмес дегенге чейин далалат жасалды [2, 3-б]. Мындай аракеттин аркасында кыргыз мамлекети совет бийлиги орношу менен гана калыптанып, көчмөн эли отурукташып, окуп-жазууну үйрөнүп, өнүгүү жолуна түштү деген пикир жаралды.

Ал эми 20-жылдын акырында жана 30-жылдын башында өлкөнүн саясий турмушунда Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Иманалы Айдарбеков, Баялы Исакеев, Касым Тыныстанов, Ишеналы Арабаев өңдүү кыргыз мамлекеттинин өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлге чыгара турган чыгаан инсандар тоталитардык режимдин кандуу капсалаңынан бири калбай каза табышты.

Бирок совет доору жалаң гана чүнчүтүп кан жыттанган каргашалуу кара түнгө чүмкөнүп калган эмес. Анда маданият менен прогресстин жарык нурун чачкан жаркын күн да болгон. Ал жылдардагы кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгү көп жагынан иш жүзүндө эмес, сөз жүзүндө жар салган жасалма категория болгону ырас. Бирок анын акыбети биздин эл үчүн эң зор болду. Башкасын айтпаганда да, кыргыздар анын аркасы менен тукум курут болуп, эл катары жоголуу коркунучунан аман калды.

1991-жылдын 31-августунда мамлекет көз карандысыздыкка жана реалдуу суверенитетке ээ болуп, өз тарыхын бурмалабастан аныктоого мүмкүнчүлүк алды. Арийне, кыргыздардын Борбордук Азиядагы цивилизациялык очоктор менен карым-катнашы, ар кыл коомдук-экономикалык өнүгүүдөгү этностор мамилеси, мамлекет түзүүдөгү алгачкы аракеттери али да болсо толук изилдене элек. Мындай кырдаалдын түзүлүшүнө, асыресе, жазма булак маданиятынын, археологиялык иликтөөлөрдүн, этнографиялык, антропологиялык жана фольклордук материалдардын, чет элдик архив булактардын комплекстүү изилденбей келиши кедергисин тийгизбей койгон жок.

Ал эми байыркы мамлекеттүүлүктүн тарыхын тактабай туруп, азыркы мамлекеттүүлүктүн өнүгүү багытын аныктоо мүмкүн эмес.

**Адабияттар:**


1. Бартольд, В. В. Киргизы. Исторический очерк [Текст] / В. В. Бартольд. - Фрунзе, Киргизское государственное издательство, 1927.
2. Бейшембиев, Э. Д. Введение в историю кыргызской государственности : Курс лекций для школ и вузов [Текст] / Э. Д. Бейшембиев, Д. Д. Джунушалиев, В. П. Мокрынин, А. М. Плоских. - Бишкек: ОсОО «СБС», 2003. - 240 с.
3. Боровкова, Л. А. Запад Центральной Азии во II в. до н.э. – VII в. н.э. (историко-географический обзор по древнекитайским исторчникам) [Текст] / Л. А. Боровкова. - М.: 1989.
4. Бутанаев, В. Я. Эне-Сайлык кыргыздардын тарыхы [Текст] / В. Я Бутанаев, Ю. С. Худяков. - Абакан, 2000.
5. Осмонов, О. Дж. История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней) : Учебник для вузов. Изд. 7-е, исправл. и доп. [Текст] / О. Дж. Осмонов. - Бишкек: Мезгил, 2017. - 624 с.
6. Плоских, В. Этапы становления кыргызской государственности [Электронный ресурс]. - Режим доступа: www.centrasis.ru\newsA.pnp?st=104380740
7. Сыдыкбеков, Т. Көк асаба: Тарыхый роман [Текст] / Т. Сыдыкбеков. - Фрунзе, Адабият, 1989.
8. У истоков кыргызской нацинальной государственности [Текст] / Ред. Т. К. Койчуев, В. М. Плоских, Т. У. Усубалиев / Национальная академия наук, Министерство образования и науки, Государственное архивное агентство, Кыргызско-Российский Славянский университет. - Бишкек: Илим, 1996.
9. Улуу Кыргыз мамлекети. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: https://tyup.net/page/uluu-kyrgyz-mamleketi
10. Государство. Эволюция государственности. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://surl.li/dtqvss